**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**

**ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ**

**Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги онунчу сессиясы**

**Т О К Т О М № 184**

2025-жылдын октябрь айынын 28и Тамчы айылы

Жазгы айдап себүү жана сугат иштерине даярдык көрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 14-пунктун жетекчиликке алып, айыл аймагындагы жазгы айдап себүү жана сугат иштерине даярдык көрүү максатында Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги онунчу сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагындагы бардык айылдарда жана калктуу конуштарда сугат суу арыктарын, өстөндөрүн кеңейтүү жана тазалоо иштери жүргүзүлсүн.

2.Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.М.Джаныбеков айыл аймагындагы бардык ирригациялык тармактарды жазгы айдап себүү, сугат иштерине даярдоо боюнча кечиктирилгис иш чараларды уюштурсун.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.М.Джаныбековго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Н.Т.Иманалиев**